**Журналистика жана коммуникация институту**

**1956-1971-жылдар**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун журналистика жана коммуникация институтунун тарыхы алгач кыргыз филология факультетинде бөлүм болуп негизделгенден башталат. «Советтик Кыргызстан» гезитинин **1956-жылдын 8-июнунда** чыккан санында Кыргыз мамлекеттик университетинин ***«филология факультетинин... журналистика бөлүмүнө»*** студенттерди кабыл алуу жарыялангандыгын окууга болот эле.



Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!

СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН

Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин, Фрунзе областтык комитетинин жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин органы


№ 132 (9330)
ЖУМА,
8
ИЮНЬ
1956-жыл.
32-жыл чыгышы.

Баасы 20 тыйын

Кадрларды тандоо жана (т)обылоо иши жакшыртылсын

Югославиянын Феде... Президенти Иоси...

5-июнда Югославиянын Федера- ...



ЖАРЫЯЛАНАТ.

**Филология** факультетине (орус тили жана орус адабияты, кыргыз тили жана кыргыз адабияты, журналисттик бөлүмдөрү).

**Чет тилдер** факультетине (англия тили, немец тили бөлүмдөрү), **тарых** факультетине, **физика-математика** факультетине (физика жана математика бөлүмдөрү), **география** факультетине, **экономика** факультетине (айыл чарба экономикасы жана өнөр жай экономика адистиктери), **юристтер** факультетине, **биология** факультетине (ботаника жана зоология адистиктери).

Университетке 35 жашка чейинки орто билимдүү адамдар кабыл алынат.

**Окуу мөөнөтү 5 жыл**

Орто мектепти алтын же күмүш медаль менен бүткөндөр жана атайын окуу жайларын артыкчылык диплому менен бүтүп, 5 процент эсебине киргизилгендер кирүү экзаменин бербестен кабыл алынат.

Калган адамдар факультетине жараша төмөндөгү предметтер боюнча конкурстук экзамендерден өтүшөт:

түрүндө), СССР тарыхы, география жана чет тил боюнча кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнө кирүүчүлөр аның үстүнө дагы кыргыз тили жана кыргыз адабияты боюнча (ооз эки жана жазуу түрүндө);

**Тарых** факультетине кирүүчүлөр орус тили жана адабияты (жазуу түрүндө), СССР тарыхы, география жана чет тил боюнча;

**Физика-математика** факультетине кирүүчүлөр орус тили менен орус адабияты (жазуу түрүндө), математика (ооз эки жана жазуу түрүндө); физика, химия жана чет тил боюнча;

**Экономика жана география** факультеттерине кирүүчүлөр — орус тил жана орус адабияты (жазуу түрүндө), математика, СССР тарыхы, география, чет тил боюнча;

**Биология** факультетине кирүүчүлөр — орус тили жана орус адабияты (жазуу түрүндө), химия, физика, чет тил боюнча.

Кыргыз орто мектептерин бүтүрүп чет тил, тарых, физика-математика, география жана биология факультеттерине кирүүчүлөр ошондой эле кыргыз ... боюнча да (жазуу түрүндө) лөр — орус тили, орус адабияты (жазуу түрүндө) СССР тарыхы, география, чет тил жана кыргыз тили боюнча (жазуу түрүндө).

**Арыздар 20-июндан 31-июлга чейин кабыл алынат**

**Кирүү экзамендери 1-августтан 20-августка чейин.**

Арызга кошулуп университеттин ректорунун атына автобиография, орто маалыматы жөнүндөгү документтин өзү, 3×4 көлөмүндөгү төрт сүрөт, ден соолугу жөнүндөгү № 286 формада справка, иштеген жеринен кыз... мат стажысы, аткарган милдети... адистиги (иштегендер үчүн) көрсөтү... лүп, ошол ишкананын (мекеменин жетекчиси жана кадрлар бөлүмүнүн начальнигинин колу коюлган справка, турган жеринен справка жиберилиш керек. Паспорту менен аскерди... билетин, же туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүгүн өзү ала келет.


Кабыл алынгандар жалпы тарти... боюнча стипендия менен камсыз кылынат.

Сырттан келгендер жатакана менен камсыз кылынат.

Университеттин алдында ашкана бар.

Ал эми СССРдин Жогорку билим берүү министрлигинин **1959-жылдын 30-майындагы №648-буйругу менен Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинде «Журналистика» кафедрасы ачылган.**

Аталган кафедра Кыргызстанда журналисттик профессионалдык билим берүүнү негиздөөнүн башатында турган. Кафедраны белгилүү адабиятчы, филология илимдеринин доктору, профессор **Мухтар Борбугулов** жетектеген.


ПРИКАЗ
ПО МИНИСТЕРСТВУ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ СССР
№ 648

546
4 VI 1959

Москва "30" мая 1959 г.

Об организации кафедры журналистики в Киргизском государственном университете.

В связи с открытием подготовки кадров специальности "Журналистика" на филологическом факультете Киргизского государственного университета, приказываю:

1. Организовать кафедру журналистики.
2. Ректору университета установить штат вновь организованной кафедры в соответствии с об"емом работы и в пределах штатов, утвержденных университету.
3. Внести соответствующие изменения в устав университета.

Кыска убакыттын ичинде «журналистика» адистиги боюнча окуу планы иштелип чыгып, студенттерге сабак берүүгө жогорку билимдүү, тажрыйбалуу журналист Токтосун Мабетсариев, Мукай Сасыкулов, Бектурсун Карабаев, Рафаэл Овсепян сыяктуу адистер тартылган. Алардын журналистика кафедрасында эмгектенип, журналисттик билим берүүгө чыйыр салууда эмгеги зор. Алгачкы бүтүрүүчүлөрдүн арасынан ысымдары жумурай журтка белгилүү болгон атактуу инсандар чыкты. Кыргыз эл акыны Эсенгул Ибраев, белгилүү журналисттер Ильгиз Гилязитдинов, редактор Бира Бөрүбаева, окумуштуулар философия илимдеринин кандидаттары Мая Султашев, Темир Эсенгелдиев, жазуучу-котормочу Шаршеналы Абдылдаев ж.б.



**1971-жыл.** Журналистика бөлүмү айрым объективдүү себептер менен жабылып калган.

**1974-1991-жылдар.** Экинчи жолу журналистика бөлүмү республикада массалык маалымат каражаттардын саны көбөйүп, журналисттик кадрларга муктаждык күчөгөндүктөн ачылган. 1974-1991-жылдары доцент Т.Мамбетсариев журналистика кафедрасын жетектеп, үзүрлүү эмгектенет. Бул жылдары журналистика кафедрасынын окутуучулары журналистика боюнча илимий изилдөө иштерин колго ала баштаган. Айталы, журналист Т.Мамбетсариев Кыргызстандын басма сөзүнүн тарыхын изилдеп, М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинде кандидаттык диссертациясын жактаган. Ал эми окутуучу М.Сасыкулов кыргыз очеркинин өнүгүү маселелери боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп, айрым макалалары басылмаларга жарыяланган. Кадрлар таланттуу жаш бүтүрүүчүлөр менен толукталат. Алардын арасында белгилүү публицист, акын Жедигер Саалаев да бар эле. Алгач көпчүлүк предметтер кыргыз тили жана адабиятына байланыштуу болгон. Бирок ошол эле учурда журналисттер менен жолугушуулар өткөрүлүп турган. Андан тышкары өндүрүштүк практиканын натыйжалуу уюштурулушу студенттердин журналисттик жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга жана өстүрүүгө өбөлгө болгон. Бул жылдары талантуу журналисттерди тарбиялап чыгарууда зор салымын кошкон Т.Мамбетсариев, М.Сасыкулов, С.Жигитов, А.Камилов, Р.Орозалиева сыяктуу мыкты педагогдор эмгектенген.






**1994-жыл.** XX кылымдын 90-жылдары ММК өтө тездик менен өнүгүп, медиа адистерге суроо-талап күчөгөндүктөн, республиканын башка ЖОЖдору да “Журналистика” боюнча адистерди

даярдай баштаган. Ал эми университетибиздин журналистика бөлүмү 1994-жылдын апрель айынан баштап кыргыз филологиясы факультетинин курамынан бөлүнүп чыгып, **өз алдынча факультет болуп түптөлөт. Факультеттин алгачкы декандары болуп профессор Т.Мамбетсариев, доцент А.Борубаева эмгектенишет.** Факультеттин курамында басма сөз жана телерадиожурналистика кафедралары түзүлөт. Бул жылдары журналист адистерди даярдоонун сапатын жакшыртуу максатында жогорку билим берүү стандартын иштеп чыгууга, факультеттин материалдык-техникалык базасын түзүүгө өзгөчө маани берилет. Бул жылдары Алтын Асанова басма сөз кафедрасын жетектеген. Телерадиожурналистика кафедрасы белгилүү журналист Бүбүкан Досалиеванын башкаруусунда иш алып барат. **1995-1996-жылдар.** Факультеттин радиостудиясы ЮНЕСКОнун Борбордук Азияда телекоммуникацияны өнүктүрүү багытындагы атайын техникалык грантынын негизинде уюшулат. Мыкты профессорлор, кесипкөй адистер Кадыркул Өмүркуловдун, Манасбек Мусаевдин, Байма Сутенованын факультетке келиши келечек журналисттерди даярдоонун деңгээлин көтөрүүгө чоң өбөлгө болгон.







**1997-жыл.** Факультеттин телестудиясы ЮНЕСКОнун Борбордук Азиядагы телекоммуникацияны өнүктүрүү багытындагы колдоо долбоорунун алкагында уюштурулган. Бул студияда киносценарист Кадыр Өмүркуловдун, белгилүү оператор Манасбек Мусаевдин авторлугунда «Очаг благодатных знаний» документалдуу фильми, Олег Гречко башында турган студенттер тобунун «Дуэль» фильми тартылган. **1998-1999**-жылдары факультетти филология илимдеринин кандидаттары, доценттер Болот Токтосунович Мамбетсариев, В.Е.Кульчицкий, профессор Лидия Васильевна Михайлова башкарышты.

**1999-2000-жылдары** факультетке филология илимдеринин доктору, белгилүү тилчи Сыртбай Мусаев жетекчилик кылган. Бул жылдары “Сорос- Кыргызстан” фондусунун колдоосу менен факультет “Журналистика”, “Жарнама жана коомчулук менен байланыштар” багыттары боюнча жаңы окуу куралдары жана адабияттар менен камсыз болду.

**2000-2003-жылдары** факультет филология илимдеринин доктору Жылдыз Бакашеванын жетекчилигинде иш алып барган. Факультеттин уюшулгандыгынын 45 жылдык мааракеси белгиленди. Биринчи жолу “Кыргыз журналистикасынын тарыхы” окуу китеби даярдалды. 2003-2005-жылдар аралыгында Асель Исаева, 2005-2007-жылдары педагогика илимдеринин доктору Нурлана Ахметова декандын милдетин аткарып келишти.

**2007-2008-жылдар.** Факультеттин 16 бет көлөмүндөгү «Калем-пресс» газетасы жарык көргөн. Кийин дубал газетасы форматына өткөн. **2007-2015-** жылдары факультеттин деканынын кызматын 30 жылдан бери факультетте иштеп келген, Түркиядан журналистика багыты боюнча **Ph.D.-докторлугун** жактаган Абдыганы Дарманбекович Халилов аркалады. **2009-2010-жылдар.** Жарнама иши жана коомчулук менен байланыш кафедрасы уюшулуп, «Жарнама жана коомчулук менен байланыштар» адистиги боюнча студенттерди кабыл алуу башталган.

**2011-2015-жылдар.** Факультеттин радиостудиясында «Баласагын булагы» уктуруусу даярдалып, бир сааттык эфир «Манас» Кыргыз-Түрк университетинин «Манас-FM» радиосунун эфир жыштыгынан жума сайын тартууланып турган. Кийин радиоберүү Ж.Баласагын атындагы КУУнун сайтына коюла баштаган.

2013-жылдын 1-ноябрында Ж.Баласагын атындагы КУУнун 80 жылдык маарекесине карата студенттер тарабынан “Маарекең менен, университет” аттуу флеш-моб өткөрүлгөн.

2014-жылы биздин студенттер 12-13-сентябрда USAID и ACTED тарабынан уюшулган “Мир и согласие” аттуу документалдык кино фестивалына катышып, “ЖОЖдордогу коррупция” аттуу социалдык ролик үчүн калыстар тобунун атайын сертификаты менен сыйланышкан.

Факультет 2014-жылдан тартып жыл сайын ЖОЖдор арасындагы “PR жана жарнама учурдун коммуникациялар системасында” деген темада студенттик илимий-практикалык конференцияны өткөрүп келет.

**2016-жылдын** январь айында жалпы жамааттын көпчүлүк добушуна ээ болуу менен филология илимдеринин кандидаты, доцент А.Дуйшекеева декандык кызматка шайланган.

2016-жылдан бери институттун мугалимдери жана студенттери Красноярск шаарында өткөн Бүткүл россиялык жарнама жана PR “ЯРПиаР на Енисее” фестивалына катышып, байгелүү орундарга ээ болуп келишет.

**2017-жыл.** Журналистика факультети биринчи жолу **“Телевидение”** багыты боюнча студенттерди кабыл алды.

23-24-мартта **«Жоогазын»** - Жарнама жана ПР боюнча улуттук фестивалы биринчи жолу өткөрүлгөн. Фестиваль жыл сайын уюштурулуп, республиканын жана чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайларындагы студенттерди бириктирип келет. **«Кызыл алма»** - жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына арналган студенттер арасындагы эссе сынагы декабрда өткөрүлүп, кийин салтка айланган иш чара болуп калды.

**2018-жыл**. Журналистика факультетинин 60 жылдыгына карата бүтүрүүчүлөрүнүн марафону өткөрүлүп, 100 миң сомго жаңы китептер менен Кыргыз улуттук университеттин китепканасынын фонду толукталды.

Телестудиянын техникалык жабдыктары Корея мамлекетинин Кемён университетинин (Keimyung University) окутуучуларынын демөөрчүлүгү менен 20 миң долларга жаңыланды. Бүгүнкү күндө КУУнун бардык факультетинин проморолики тартылды. КУУнун расмий сайтына жаңылыктар чыгарылышы байма-бай жарыяланып турат.

Ошондой эле, студенттер КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу ММКФ (Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду) менен биргеликте “Сергек жашоо” аттуу ток-шоунун бир нече эфирин даярдашкан. Андан тышкары, өз алдынча “Жаргылчак” ток-шоусунун 3 чыгарылышын, КТРКнын “Миң кыял” радиосу менен биргеликте “Радиокафе” көңүл ачуучу программасынын 16 чыгарылышын биздин студенттер тартышкан. Андан тышкары институт бүгүнкү күндө өлкөнүн бир нече телеканалдары менен кызматташат.

Журналистика факультетинин таланттуу студенттеринин келечегине жол ачкан **«Матисаков мектеби»** түптөлгөн. Бул чыгармачылык өнөркана (лаборатория) профессор **Матисаков Абдиламит Мурзаевичтин** демилгеси менен негизделген жана атайын Жобо менен журналистика жана коммуникация институтунун Окумуштуулар кеңешинде бекитилген. “Матисаков мектебинин” тарбиялануучуларынын чыгармалары популярдуу “Жетиген” журналына жарыяланып турат.

**2018-жылы** Ж.Балсагын атындагы КУУнун журналистика факультети республикалык **“Эркин Тоо” гезити тарабынан “Жылдын мыкты факультети”** болуп таанылды.

**2019-жыл.** Мезгилдүү басма сөз кафедрасынын **60 жылдык мааракеси** белгиленди. Мааракенин алкагында «Азыркы улуттук басма сөз: көйгөйлөрү жана келечеги» аттуу **эл аралык илимий-практикалык конференция** уюштурулган.

Журналистика жана коммуникация институтунун студенттери ар жылдары КРнын Президентинин стипендиясына татыктуу болушкан.

2020-жылы пандемия маалында 18-марттан май айынын аягына чейинки аралыкта **“Баласагын ТВ” телестудиясында мектеп программасы боюнча окуучуларга арналган 185 видео сабак** тартылган. Видео сабактар Кыргызстандын телеканалдары аркылуу көрсөтүлүп турду. Аталган видео сабактарды тартууда талыкпай эмгектенген окутуучу Н.К.Сыдыгалиев, студент-волонтерлор Эрлан Токтобек уулу менен Сапарбай уулу Жакшылык КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан ыраазычылык кат менен сыйланышкан.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинде “Баласагын ТВ” окуу-өндүрүштүк телестудиянын өнүгүү концепциясы” бекитилген. Баардык видео материалдар «Баласагын ТВнын» YouTube-каналына, КУУнун расмий сайтына жана социалдык тармактарда жарыяланып келет.

**2021- жыл.** Доцент **Халилов Абдыганы Дарманбекович «**КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» жогорку наамына татыды. Магистратурада «Журналистика» жана «Жарнама жана коомчулук менен байланыштар» багыттары боюнча **кош дипломдук билим берүү жөнүндө** Л.Гумилев атындагы Евразия улуттук университети жана Алтай мамлекеттик университети менен келишимдерге кол коюлду жана студенттер окуй башташты.

“Журналистика” багыты боюнча **PhD-докторантурага лицензия** берилди. Докторантурага Кытай Республикасынын 10 жараны кабыл алынды. “Матисаков мектебинин” тарбиялануучуларынын **50дөн ашык** чыгармалары **популярдуу “Жетиген” журналына** жарыяланды.

Студенттерибиз Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университети уюштурган Казакстандын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына карата, ошондой эле Санкт-Петербургда “Адам укуктары. Биздин көзүбүз менен” деген темада өткөрүлгөн **ведороликтердин эл аралык конкурстарына катышып байгелүү орундарга ээ болушту.**

**2022-жыл.** Социология илимдеринин кандидаты, доцент Ш.А.Костюк журналистика факультетинин декандык кызматына шайланды.

14-15-сентябрь күндөрү Бишкекте өткөн “Улуттук инновациялык экосистеманы курууда университеттердин ролу” деп аталган ректорлордун дүйнөлүк форумунда КУУнун журналистика факультетинин окутуучу, студенттеринен турган чыгармачылык топ 14 сааттык эфир тартып, телеканалдарга жана сайттарга видеоконтент даярдап берди.



**2023-жыл**.

**2023-жылдын 1-апрелинен журналистика факультети журналистика жана коммуникация институту болуп өзгөрдү.** Учурда журналистика жана коммуникация институтунда 3 программа иш алып барат: **"Журналистика", "Телевидение", "Жарнама жана коомчулук менен байланыштар".** Бүгүнкү күндө "Журналистика" программасын саясий илимдеринин кандидаты, доцент Ж.Т.Абдикеримова, **"Телевидение"** программасын филология илимдеринин кандидаты, доцент З.А.Алымбаева, **"Жарнама жана коомчулук менен байланыш"** программасын филология илимдеринин кандидаты, доцент Б.Б.Максутова жетектейт. Институттун аталган багыттары боюнча бакалаврда жана магистратурада, күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө баардыгы болуп 600гө жакын студент, магистрант билим алат. Андан тышкары журналистика жана коммуникация институтунда эксперименталдык **"Эл аралык журналистика"** программасы ачылып, студенттерди кабыл алууда. Ошондой эле "Журналистика" багыты боюнча PhD-докторантурага да кабыл алуу жүргүзүлүп келет.

15-ноябрда Каба уулу Кожомкул атындагы Спорт ордосунда журналистика жана коммуникация институтунун "Өндүрүштүк-продюсердик борборунун" бет ачары болуп өттү.

Институт келечекте "**Медиакоммуникация**", "**Журналисттик иликтөө**" эксперименталдык багыттарын ачууну көздөйт. Ошондой эле санариптик журналистиканын өнүгүшүнө байланыштуу профилдештирүүдө мультимедиалык платформада иштей ала турган мыкты адистерди даярдоого багыт алууда.

Бүгүнкү күндө журналистика жана коммуникация институтунда "Медиа изилдөө илимий борбору", "Медиамектеп", "Өндүрүштүк продюсердик борбору" ачылып, иштеп жатат.

Институтта студенттердин өзүн өзү башкаруу уюму - Сенат өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө.

**Факультеттин декандары:**

Токтосун Мамбетсариев, профессор;
Аниса Бираевна Бөрүбаева, филология илимдеринин кандидаты, доцент;
Болот Токтосунович Мамбетсариев, филология илимдеринин кандидаты, доцент;
Владимир Евгеньевич Кульчицкий, филология илимдеринин кандидаты, доцент;
Лилия Васильевна Михайлова, профессор;
Сыртбай Мусаев, профессор;
Жылдыз Кемеловна Бакашева, филология илимдеринин доктору, профессор;
Асель Кенешбековна Исаева, магистр;
Нурлана Ахметова, педагогика илимдеринин доктору, профессор;
Абдыганы Дарманбекович Халилов, Ph.D., доцент;
Айна Талгарбековна Дуйшекеева, филология илимдеринин кандидаты, доцент.

**Бүтүрүүчүлөрүбүз:**

Кыргыз Эл акындары Эсенгул Ибраев, Токтосун Самудинов, Шайлообек Дүйшеев, Кыялбек Урманбетов, жазуучу Кубат Жусубалиев, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин журналистика жана маалыматтык технологиялар университетинин деканы, доцент Алтын Асанова, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы Жедигер Саалаев, жазуучу, драматург, коомдук ишмер, Жогорку Кеңештин төрт жолку чакырылышынын депутаты Каныбек Иманалиев, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министринин орун басары Ниязалиев Нуран, КТРКнын башкы директору Кайрат Иманалиев, Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты Бакыт Турдубаев, кино чөйрөсүндө таанымал, талантуу актер, режиссерлор Айбек Дайырбеков, Мирлан Абдыкалыков ж. б.

Биз ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттар чөйрөсүндө өз кесибинин мыктысы болуп таанылган Абдиламит Матисаков, Кубат Оторбаев, Бүбүкан Досалиева, Мырзакат Тыналиев, Таалайкүл Чабдарова, Айнура Кабатай кызы, Чынар Капарова, Жолдош Исаков, Дыйкан Керимбаев сыяктуу көптөгөн бүтүрүүчүлөрүбүз менен сыймыктанабыз.